КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛАА

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XII сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

№ 12/5

2023-жылдын 19-апрели, Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Сай айылынын сугат суу каналын Кара-Кулжа райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 1-главасынын 18-беренесинин 1.1-пунктун, 2-главасынын 28-беренесиндеги 1 - “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну берилип жаткан жергиликтүү маанидеги маселелердин аткарылышынын каражаттарын же каржылоо булактарын бир убакта аныктоо жана берүү менен юридикалык жана жеке жактарга өткөрүп берүү жөнүндөгү” пунктун жетекчиликке алып Ылай-Талаа айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Сай айылынын сугат суу каналын Кара-Кулжа райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү жагы Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинен суралсын.

2. Тиешелүү документтерди даярдап ишке ашыруу жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы М.Исабаев) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Кадамбаева**